*Жээнбаева Ы.Э.*

# БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ МАМИЛЕЛЕРДИН УКУКТУК ЖАКТАРЫНЫН КЭЭ БИР МАСЕЛЕЛЕРИ

*Жээнбаева Ы.Э.*

# НЕКОТОРЫЕ ЗАДАЧИ ПРАВОВЫХ СТОРОН ОТНОШЕНИЙ В СФЕРЕ ОБРАЗОВАНИЯ

*Y.E. Jeenbaeva*

# SOME TASKS OF LEGAL RELATIONSHIPS IN THE FIELD OF EDUCATION

*УДК: 37.014/371*

*Билим берүү - муундар тарабынан топтолгон билим жана маданий баалуулуктарды өткөрүп берүү процесси. Билимдин мазмуну өзүнчө турат жана маданияттын жана илимдин тергөөсүнөн, ошондой эле адамдын турмушунан жана практикасынан толукталып турат. Башкача айтканда, билим берүү социомаданий феномен болуп эсептелет жана социалдык-маданий функцияларды аткарат. Макалада билим берүү чөйрөсүнүн укуктук жактарынын суроолорун кароо менен бирге, анын теоретикалык калыптанышы жана өнүгүүсү талдоого алынып, билим берүү чөйрөсүнүн азыркы мезгилдеги укуктук жактарын изилдөөнүн мүнөздүү белгилери аныкталган. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелердин укуктук жактарын талдоо юридикалык илимде кечээки жакынкы жылдарга чейин анчалык көңүл бөлүнбөй келгендиги менен мүнөздөлөт. Билим берүү ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздери өткөн кылымдын экинчи жарымынан баштап бир канча Советтик окумуштуулардын кызыгуусун жаратып келген.*

***Негизги сөздөр**: билим берүү, билим берүү чөйрөсү, укук, билим алууга болгон укук, пакт, декларация, укуктук жактар, маселелер.*

*Образование – это процесс передачи накопленных поколениями знаний и культурных ценностей. Содержание образования черпается и пополняется из следствия культуры и науки, а также из жизни и практики человека. То есть образование является социокультурным феноменом и выполняет социокультурные функции. В данной статье рассмотрены вопросы правовых сторон образовательной сферы, формирование и развития его теоретических основ, определены характерные особенности правовых сторон образовательной сферы в настоящее время. Правовая сторона правоотношений в сфере образования характеризуется тем, что до недавнего времени не обращалось должного внимания. Правовая сторона системы образования начали изучать только со второй половины прошлого века. В этом отношении интерес представляют работы отдельных ученых-правоведов.*

***Ключевые слова**: образования, сфера образования, право, право на образование, пакт, декларация, правовые стороны, задачи.*

*Education is the process of transferring knowledge and cultural values accumulated by generations. The content of education is drawn and replenished from the consequences of culture and science, as well as from the life and practice of man. That is, education is a socio-cultural phenomenon and performs socio-cultural functions. This article deals with the legal aspects of the educational sphere, the formation and development of its theoretical foundations, the characteristic features of the legal aspects of the educational sphere at the present time. The legal side of legal relations in the field of education is characterized by the fact that until recently did not pay due attention. The legal side of the education system began to study only in the second half of the last century. In this regard, the works of individual legal scholars are of interest.*

***Key words:** education, sphere of education, law, right to education, Covenant, Declaration, legal aspects, tasks.*

Билим берүү чөйрөсүндөгү ишмердүүлүк көптөгөн окумуштууларды кызыктырып келген. Бул чөйрөнүн көйгөйлөрүнө, административдик жактан, теоретикалык укуктук жактан, жарандык укуктук жактан, ишкердүүлүк укуктук жактан жандашуулар бар. Атап айтканда билим берүүнүн укуктук көйгөйлөрү Г.С. Сапаргалиев, Г.А. Дорохова, Л.Л. Дольникова, Ю.П. Орловский, Т.С. Румянцева, А.А.Таранов, Е.Б. Баянов, Н.С. Барабашева, С.И. Штамм, Е.П. Пичугина, В.М. Александров, Д.А.Ягофаров, В.М.Сырых, С.Ф. Ударцева тарабынан изилдөөгө алынган. Айта кетүү орундуу Совет мезгилинде коомдук мамилелердин көптөгөн катмары анын ичинде билим берүү чөйрөсү таптык, административдик усулдар менен чечилип келгендиги талашсыз. Илим жаатында да анын ичинде юридикалык теоретикалык илимдин көңгөйлөрүн да чечмелөөдө административдик жөнгө салуу менен чектелип келген. Бул нерсеге далил катар окумуштуу Ю.М. Козловдун оюн айта кетүү орундуу анын ою боюнча «билим берүүдөгү укуктук мамилелер аткаруу, тескөө ишмердүүлүгүнүн натыйжасында келип чыгат, башкача айтканда административдик саясий, социалдык-маданий, чарбалык курулуштагы ишмердүүлүктү күнүмдүк түздөн-түз жетекчилиги аркылуу калыптанат» [1, с. 42] деп белгилейт, мындай ойду В.И. Новоселов да бекемдеген [2, с. 58].

Белгилүү казак окумуштуусу Г.С. Сапаргалиев, билим берүү ишмердүүлүгүн кайсыл бир тармакка таандык кылуу менен билим мамилелерин императивдүү мүнөзгө ээ деп атаган. Бирок ошону менен бирдикте ошол мезгилде бул ойлорго карама-каршы көз караштар да болгон атап айтканда Н.С. Малеин бул мамилелерди жарандык укуктук мамилелерге таандык кылган [3, с. 33-34]. Совет мезгилинде билим берүү ишмердүүлүк чөйрөсү бир канча орундуу Г.А. Дорохова тарабынан изилденген. Анын оюу боюнча «бийлик ыйгарымын колдонуу ар дайым эле башкаруучунун эркин таңуулоого баш ийүүгө алып келген эмес [4, с. 15]. Дорохованын изилдөөсү билим берүү тармагында жаңыдан усулдук жактан тутумдуу жандашууга шарт түзгөн. Билим берүү чөйрөсүн теоретикалык укуктук жактан Совет мезгилинде административдик мамилелерге басым жасалганына карабастан бул илимий эмгектер билим берүү чөйрөсүн өз алдынча илимдин объектиси катары изилдөөгө, аны изилдөөнүн усулдук, анын ичинде тутумдук-түзүмдүк усулуна жол ачып берген. Бул жерде айта кетүү орундуу бул чөйрөдөгү изилдөөлөргө Г.А. Дорохова, Г.С. Сапаргалиев, С.С. Алексеев чоң салым кошушкан.

Ата мекендик окумуштуулардын бул чөйрөнүн кээ бир аспектилерине көңүл бургандыгын айта кетүү зарыл. Мисалы Н.К. Атабекованын «Конституционное право на образование» деген темадагы диссертациялык эмгегин айта кетүү орунду. Окумуштуу ал эмгегинде Кыргыз Республикасында билим алууга болгон Конституциялык укукту ишке ашыруунун, теоретикалык укуктук уюшумдук укутук жактарын, аларды ишке ашыруу механизмдери караган. Демократиялык кайра курууларды ишке ашыруу убагында, биздин коом билимди экономикадагы, илимдеги, маданияттагы кайра куруулардын негизги факторлору катары баамдай башташты [5, с. 3]. Илимий эмгекте билим алууга болгон жарандардын укугу тарыхый аспектте конституциялык нормаларда бекилүү эволюциясы, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү билим алууга болгон укукту ишке ашыруу боюнча мыйзам актылары каралган. Илимий эмгекте ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү улуттук мыйзам актылары менен эл аралык мыйзам актыларына салыштырма анализ жүргүзүлгөн. Бул илимий эмгектин дагы бир баалуулугу болуп автор тарабынан билим алууга болгон укуктун түшүнүгү, билим алууга болгон кепилдиктерди ишке ашыруунун классификациясына жаңы жандашуу жасап мамлекеттик, корпоративдик топторго бөлгөндүгүн айта кетүү орундуу.

Автордун оюу боюнча негизги мыйзамга билим берүү чөйрөсүн артыкчылык берүү менен мамлекеттин коргоосуна алуучу ченемди киргизүү зарылдыгын караган. Биз бул ойго толук кошула албайбыз, анткени Конституциялык норма өзүнүн түрү боюнча уюшумдук ченем, ал негизги укуктарды жана эркиндиктерди орнотот, ошондой эле билим алууга болгон укуктун конституциялык ченемде бекилиши бул укуктун артыкчылыгын ачыктайт.

Экинчиден КР Конституциясынын 6-беренесине ылайык.

1. Конституция эң жогорку юридикалык күчкө ээ жана ал Кыргыз Республикасында түздөн-түз колдонулат.

2. Конституциянын негизинде конституциялык мыйзамдар, мыйзамдар жана башка ченемдик укуктук актылар кабыл алынат.

3. Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп эсептелген, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдер, ошондой эле эл аралык укуктун жалпы кабыл алынган принциптери менен ченемдери Кыргыз Республикасынын укук системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Адам укуктары боюнча эл аралык келишимдердин ченемдери түздөн-түз колдонулат жана башка эл аралык келишимдин ченемдерине караганда артыкчылыкка ээ. Бул жерден келип чыккандай адам укуктары жана эркиндиктерине билим алууга болгон укук да кирип кетет. Ошондуктан ал артыкчылыкка ээ.

Адам укуктарынын тутумуда билим алууга болгон укук талашсыз өзгөчө орунга ээ.

Билим берүүнүн маанилүүлүгү бир канча эл аралык жана улуттук мыйзам актыларында ченемдик бекилген. Атап айтканда «Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин Декларациясынын» 26-беренесинде (10-декабрь,1948-ж.) [6], «Жарандардын экономикалык, социалдык жана маданий укуктары жөнүндө эл аралык Пактыда» (1966-ж.) [7], Көз Карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин «Адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү Конвенциясынын» 27 беренесинде камтылган (26-март, 1995-ж. КР 1.08.203 №182 мыйзамы менен ратификацияланган) [8].

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 45-беренеси да жарандардын билим алууга болгон укугун бекиткен ага ылайык [9];

«Ар ким билим алууга укуктуу. Негизги жалпы билим алуу милдеттүү. Ар ким мамлекеттик билим берүү уюмдарында негизги жалпы жана орто жалпы билимди акысыз алууга укуктуу.

Муну менен адам укуктуу мамлекеттин шарттарында өздөрүнүн турмуштук маанилүү кызыкчылыктарын ишке ашырып гана калбастан, коомдун, өзүнүн улуттук биримдигин жана бүтүндүгүн да сактап калат.

Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европалык Конвенциянын №1 Протоколунда жоболорунда да эске алынган жана бир канча укуктук жактан коргоо чаралары каралган атап айтканда [10];

а) анын жалпылуулугу;

б) мамлекеттик билим берүүдө, окутуудагы милдети;

в) мамлекеттин балдарына билим берүүнү камсыз кылууда ата энелердин философиялык диний ишенимдерин сыйлоо.

Билим берүү чөйрөсү теоретикалык укуктук илимде толук кандуу изилденбегениги, азыркы укуктуу демократиялык коомдун, билим берүү технологияларын өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн эске алынбагандыгы, менчикин ар кандай формасы анын ичинде жеке менчик окуу жайларынын ачылышы жана башка себептер билим берүү чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук жактан жөнгө салынуусу бир канча татаалдаштырып калбастан, талаш тартыштуу көз караштарды жарататат.

Экинчи жагынан алып караганда билим берүү чөйрөсү теоретикалык укуктук жактан жеткиликтүү иштелип чыгылбагындыгынан укуктук жөнгө салууну бир канча начар абалда калышына шарт түзгөн.

Айрыктча билим берүү чөйрөсүн жөнгө салуу предмети бир канча талаш тартыштуу, кээ бир окумуштуулар бул чөйрөнү өз алдынча укуктун тармагына таандык кылса, кээ бирөөлөрү аны жарандык укуктун тармагына таандык кылышат.

Жалпылап алганда Кыргызстандагы билим берүү чөйрөсүн укуктук жактарын изилдөө төмөнкү жагдайлар менен мүнөздөлөт;

- билим берүү чөйрөсү конституциялык деңгээлде бекилиши.

- билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелердин кеңейиши;

- билим берүү чөйрөсүндөгү ар кандай менчиктин формасы, уюшумдук келишимдердин пайда болушу;

- билим берүү чөйрөсүнү адамдардын манилүү социалдык укугу камтышы;

- билим берүү чөйрөсүнүн өз алдынча укуктук институт катары таанылышы;

- билим берүү чөйрөсүнүн эл аралык интеграциялык процесстер менен айкалышы саналат.

**Адабияттар:**


1. Козлов Ю.М. Административные правоотношения. - М.: Юридическая литература, 1976. - С. 42.
2. Новоселов В.И. Правовое положение граждан в отраслях государственного управления. - Саратов: Изд. Саратовского университета, 1977. - С. 58.
3. Малеин Н.С. Гражданско-правовое положение личности в СССР. - М.: Наука, 1975. - С. 33-34.
4. Дорохова Г.А. Законодательство о народном образовании (теоретические проблемы совершенствования) Отв. ред. И.Л. Бачило. - М.: Наука, 1985. - С. 15.
5. Атабекова Н.К. Конституционное право на образование в Кыргызской Республике: теория и практика: автореферат дис. ... кандидата юридических наук: 2010. - С. 3.
6. Адам укуктарынын жана эркиндиктеринин Декларациясы» (10-декабрь, 1948-ж.).
7. Жарандардын экономикалык, социалдык жана маданий укуктары жөнүндө эл аралык Пакт, 1966-ж.
8. Көз Карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин «Адамдын укуктары жана негизги эркиндиктери жөнүндөгү Конвенциясынын» (26-март, 1995-жыл. КР 1.08. 203 №182 мыйзамы менен ратификацияланган).
9. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (27. 06. 2010-ж. 20.12.2016-ж. №218 мыйзамынын редакциясына ылайык).
10. Адам укуктарын жана негизги эркиндиктерин коргоо боюнча Европалык Конвенциянын №1 Протоколу 1952.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Бакирова Ш.М.**